ABBYY PDF Transformer 2.0 Click here to buy www.ABBYY.com

*УДК: 38.032/. 923.2.045/046*

*Б.А. МААТКЕРИМОВ*
*B.A. MAATKERIMOV*
***E.mail. ksucta@elcat.kg***

ABBYY PDF Transformer 2.0 Click here to buy www.ABBYY.com

# ИДЕОЛОГИЯ ФЕНОМЕНИ ТУУРАСЫНДАГЫ КООМДУК – ФИЛОСОФИЯЛЫК КӨЗ КАРАШТАРДЫН ӨНУГҮШУ

# РАЗВИТИЕ ОБЩЕСТВЕННО-ФИЛОСОВСКИХ ВЗГЛЯДОВ НА ФЕНОМЕН ИДЕОЛОГИИ

# THE PHENOMENON OF IDEOLOGY, PHILOSOPHICAL VIEWS OF SOCIETY ON DEVELOPMENT

*Бул макалада идеология феноменинин кубулуштары жана факторлору, анын объектилерин толук кандуу иликтөө менен гуманитардык илимдердин изилдөө проблемалары каралды.*
***Чечүүчү сөздөр:*** *идеология, феномен, философия, саясий, инсан, коом, социалдык.*

*В статье рассматривается феномен идеологии явлений и факторов; обсуждена проблема с полноценными гуманитарными объектами в научных исследованиях.*
***Ключевые слова:*** *Идеология, феномен, философия, политический, личность, общества, социальный.*

*The phenomenon of ideology of phenomena and factors is considered in the article; The problem with full-fledged humanitarian objects in scientific research is discussed.*
***Key words:*** *Ideology, phenomenon, philosophy, political, personality, society, social.*

Идеология деген эмне анын калыптануусу, маңызы эмнеден көз каранды? Идеологиянын көп түрдүүлүгү жөнүндө сөз кылууга болобу? Эмне үчүн XXI кылымда “идеологиялуулук”, “идеологиялык”, “идеология” деген түшүнүктөр коомдук аң-сезимдин, жамааттык иш аракеттин, социалдык мамилелердин абалынын өзгөрүүлөрүнүн динамикасын мүнөздөөчү фактор катары каралып жатат? «Идеология» феноменин бүгүнкү күндөгү коомдук жашоонун алкагында карай турган болсок, суроолор мындан да көбүрөөк пайда болушу мүмкүн. Ушуга байланыштуу идеологияны коомдук илимдердин фундаменталдуу түшүнүктөрүнүн катарына киргизүүгө болот. Идеология феноменинин кубулуштары жана факторлору, анын объектилерин толук кандуу иликтөө гуманитардык илимдердин (философия, этика, дин тарыхы, маданият теориясы жана тарыхы, ж.б) изилдөө проблемаларына айланды. Ал эми идеологиянын мыйзамдары, принциптери, өнүгүү механизмдери жана анын ар кандай образдары, символдору, идеялары, мотивдери, идеологиялык чөйрөнү өзгөртүүгө жөндөмдүү болгон себептери социалдык илимдердин (социология, экономика, саясат таануу, экология, этнология ж.б.) энчисине таандык. Коомдук илимдерди мындай бөлүштүрүп караганыбыздын себеби, социалдык болмуштун конкреттүү бир сферасына багытталган тигил же бул илим «идеология» феноменинин динамикасын ар тараптуу изилдөөдө белгилүү бир деңгээлде кыйынчылыктарды жаратат. Ошондуктан, биз бул маселени башкача («идеологиянын философиясы» деген) өңүттө изилдөөгө аракет кылууну максат кылдык. Бул максаттын ырааттуу чечилиши үчүн биз идеология феноменине коомдук илимдердин ар биринин берген аныктамаларына кыскача токтолууну туура көрдүк. Маселен, социологиялык өңүттө берилген аныктамаларды карап көрөлү: «Идеология (грекчеден idea- представление logos- сөз, билим, окуу) – коомдук болмушту социумдагы социалдык топтордун, катмарлардын, улуттук түзүлүштөрдүн кызыкчылыктарынын негизинде концептуалдуу теориялык иликтөөгө алган идеялардын, көз караштардын ой- пикирлердин системасы.

Идеология индивиддердин саясий-социалдык ишмердүүлүктөрүнүн жемиши, ж. руханий өндүрүмдүүлүктүн же болбосо маданияттын курамдык бөлүгү болуп саналат.

Структуралык жактан идеология саясий теориялардан жана идеялардан, коомдук баалуулуктардан, саясий өнүгүүнүн концепцияларынан жана саясий программалардан о.э. саясий символдордон турат» - деп Д.Т. Жовтун аныктама берет. Бул аныктамага өзүбүздүн пикирибизди айтуудан мурда дагы бир ой-пикирге кайрылып көрөлү: «Идеология кандай гана мүнөзгө ээ болбосун (коомдук болмушту туура, туура эмес, билип- билбей чагылдырган идеялар) - эң оболу ал көйгөйлүү социалдык реалдуулуктун маңызын камтыган карта жана матрица болуп саналат, дал ошолордун негизинде жамааттык аң-сезим калыптанат. Канчалык деңгээлде ошол карта, матрица өздөрүнүн объектилерине дал келет, ал өзүнчө маселе» - дейт англиялык окумуштуу К. Гирц. Жогоруда келтирилген аныктамалар биздин көз караштa идеология феноменинин көп кырдуулугун гана чагылдырууда. «Идеология» термини француз философу жана экономисти А.Л.К. Дестют де Траси тарабынан саясат, этика ж.б. түшүнүктөр үчүн туруктуу негизди түптөндүрүүгө мүмкүндүк түзгөн идеяларды аныктоочу окууларды (учения) белгилөө максатында киргизилген. Ушундай эле мааниде идеология жөнүндө француз материализминин жана сенсуализминин өкүлдөрү жазышкан.

Ал эми, Напалеон Бонопарттын учурунда «идеология» термини башка мааниде колдонулган башкача айтканда «идеологдор» деп коомдун, жашоонун жана реалдуу саясаттын маселелерин практикага байланыштырбай караган адамдарды айтышкан.Макрксизмдин негиз салуучулары К.Маркс жана Ф.Энгельс «Немецтик идеология» деген андан кийинчерээк пайда болгон чыгармаларында идеология түшүнүгүнө болгон алардын көз караштарын бир нече мааниде кароого болот:

1) идеология деп, алар дүйнө идеялардын, ойлордун, принциптердин курамынан турат деген идеалистик концепцияны түшүнүшкөн.

2) Идеологияны, белгилүү таптардын материалдык кызыкчылыктары жана алардын ишмердүүлүгүнө түрткү болгон объективдүү күчтөр менен коомдук идеялардын байланышын четке кагып аларды (коомдук идеяларды) абсолюттук өз алдынчалуулукка ээ деген иллюзияны пайда кылган идеологдордун (адамдардын) ой жүгүртүү процессинин өзгөчө тиби катары карашкан.

3) Натыйжада объективдүү дүйнөнү таанып билүүгө болгон ыкма (метод) өтүп кеткен мезгилди учурдун реалдуулугу катары көрсөтөт. Реалдуулук идеологияда туура эмес чагылдырылып идеология иллюзордук аң-сезимге айланат. Мындай терс көрүнүшкө «реалдуу тарыхтын негизиндеги» илимий аң-сезим каршы турат. идеологияга болгон илимий анализдин методдору жана сын көз караштары тарыхты материалистик түшүнүүнүн негизинде идеологияны коомдук аң-сезимдин кубулушу жана ал анын жалпы мыйзам ченемдүүлүктөрүнө баш иет дегенди түшүндүрөт.

Ошентип идеология коомдук болмуш аркылуу аныкталат, ошол эле учурда ал (идеология) салыштырмалуу өз алдынчалуулукка ээ. Марксизмдин окуусунун негизинде идеология түшүнүгүнө бүгүнкү күндө төмөндөгүдөй аныктама берилет: Идеология - адамдардын табиятка, бири-бирине, коомдук маселелерге, конфликттерге карата калыптанган мамилелерин аңдап баалаган идеялардын жана көз караштардын системасы, ошондой эле коомдук мамилелердин өнүгүүсүнө, бекемделишине багытталган социалдык ишмердүүлүктү өзүнө камтыйт. Таптык коомдо идеология таптык мүнөзгө ээ. Идеология чөйрөсүндө коомдун, таптардын абалы жана алардын түпкү саясий-материалдык кызыкчылыктары чагылдырылат. Идеология феноменине таптык мүнөз берүү биздин оюбузча чындыкка өтө эле жакындашпайт. Себеби, идеология коомдук аң-сезимдин компоненти катары социалдык катмарлар пайда болгонго чейин эле алгачкы доорлордо пайда болгон. Бирок, К. Маркс, Ф. Энгельстин идеяларын андан ары В.И. Ленин өркүндөтүп «илимий идеология» деген категорияны киргизип марксизмдин өзүн илимий идеология катары караган. Себеби, анын ою боюнча марксизмде илимди табууга болот. Бирок, биздин оюбузча эгерде, К.Маркс, Ф.Энгельс өздөрү идеология реалдуулукту

ABBYY PDF Transformer 2.0 Click here to buy www.ABBYY.com

иллюзордук түрдө чагылдырат деп айтып аткан болсо алардын окуусунан кантип, кандай илимдин элементтерин табууга болот? Бул бүгүнкү күндөгү чоң талаш маселе. Жогоруда келтирилген аныктамалардын негизинде маалым болгондой идеология көп кырдуу мүнөздөмөгө ээ: ал бир эле учурда коомдук болмушту анализге алуучу теория, ишмердүүлүктүн жемиши, руханий өндүрүштүн бөлүгү, жамааттык аң-сезимдин фактору, саясий кызыкчылык, реалдуулуктун картасы, аң-сезимдин матрицасы, социалдык турмушту иллюзордук чагылдырган идея ж.б. идеологиянын мүнөздөмөсүн мындан ары да улантса болот. Бирок, биз ушулар менен гана чектелүүгө мажбурбуз. Себеби, жогоруда айтылган аныктамалар идеология феноменинин олуттуу аспектилерин илимий анализге алууга толугу менен мүмкүндүк түзүп бере алышат. Буга чейинки изилдөөлөрдөн айырмаланып идеологияны жаңы өңүттө кароого аракет жасайбыз. Ал максатка жетиш үчүн биз бул феномендин коомдук аң-сезимдин олуттуу аспектилери болгон маданият, дин, илим, философия, искусство, укук, экология ж.б. менен болгон диалектикалык байланышын карайбыз. Мындай кадам идеология феноменинин маңызын башкача өңүттө ачып берүүгө шарт түзөт деген ниеттебиз. Анткени бизге маалым болгондой идеология ушул күнгө чейин көпчүлүк учурда таптык мүнөзгө ээ болгон, тигил же бул социалдык топтун саясий кызыкчылыгын чагылдырган коомдук аң-сезимдин элементи катары гана каралып келген.

Маданият менен идеологиянын ортосундагы диалектикалык байланышты Б.С. Ерасов төмөндөгүдөй түшүндүрөт: «Маданият – бул өзүнүн мазмунун, структурасын камтыган өзгөчө сфера жана ишмердүүлүктүн формасы, ошол эле учурда ал (маданият) болмуштун башка чөйрөлөрүнө жана социалдык мамилелерге, саясатка таасирин тийгизе алат. Маданият, ички өзгөчө структурага ээ болгон ар кандай коомчулуктардын пайда болушун шарттаган чөйрө жана коомдук мамилелердин калыптанышынын башкача ыкмасы болуп саналат». Ошентип маданият менен идеологиянын жалпы байланышкан жери: биринчиден - руханий чөйрө жана руханий ишмердүүлүк, башкача айтканда, идеология менен маданият дал ушул руханий мейкиндикте пайда болушат; экинчиден - Б.С. Ерасов маданияттын структурасын төмөндөгүдөй компоненттерден тураарын белгилейт - мифология, дин, идеология, илим, көркөм маданият». Тактап айтканда, идеология маданияттын курамдык бөлүгүн түзүп калат. Ал эми идеология менен маданияттын ортосундагы айырмачылык жөнүндө Б.С. Ерасов ошол эле өзүнүн эмгегинде мындай деп жазат: биринчи айырмачылыгы - ал феномендердин калыптанууларынын ыраатуулугунда. Эң алгач маданият, андан кийин дин, ал эми идеология болжол менен XIXк. башында пайда болгон. Экинчи айырмачылыгы – идеология менен маданияттын өнүгүү динамикасына байланыштуу».Тактап айтканда, бул окумуштуунун ою боюнча идеологиянын өнүгүшү абдан бат энергиялуу, ал эми маданият болсо инерциалдуу мүнөзгө ээ.

Дин менен идеология. Маданияттын бул эки звеносунун диалектикалык байланышы коомдук аң-сезимдин өнүгүшүндө өзгөчө тарыхый мүнөзгө ээ. Алгач алардын жалпы окшоштуктарына токтоло кетели. Биринчи – ар дайым, бардык учурда өткөн мезгилде, учурда, келечекте бирин-бири толуктап туруучу категориялар. Руханий жашоодогу адамдардын коомдук эс тутумундагы баалуулуктарды, идеяларды, идеалдарды индивиддердин талабына ылайык айкалыштырууда чоң роль ойношот, ошондой эле алардын социалдык жүрүм-турумдарын да тескөөгө көмөк боло алышат. Экинчиден, жалпылуулугу - адамдын коомдук жашоого ыңгайланышуу (адаптация, социализация) процессинде негизги факторлордун бири болуп саналышат. Үчүнчү окшоштугу - миф, утопия ж.б. феномендердин мазмунуна органикалык курамда киришет. Тактап айтканда, бул жерде ироционалдык компонент жөнүндө сөз болуп жатат. Башкача айтканда, рационалдуулук менен ирационалдуулуктун ортосундагы байланыштагы дин менен идеологиянын орду каралып жатат.

Маданияттын, диндин жана идеологиянын диалектикалык байланыштары идеологиянын эки агымынын пайда болушуна алып келген:

ABBYY PDF Transformer 2.0 Click here to buy www.ABBYY.com
ABBYY PDF Transformer 2.0 Click here to buy www.ABBYY.com

1) диний (теисттик);

2) агартуучулук (секулярдык, атеисттик).

Идеология коомго зарыл феномен катары өз алдынчалыкка ээ болуусу руханий жашоонун мазмунунун жаңы сапатка өзгөрүү муктаждыгы менен шартталган. Ушундан улам дин менен идеологиянын ортосундагы айырмачылыктарды бөлүп кароо мүмкүнчүлүгүнө ээ боло алабыз. Биринчи айырмачылык - Б.С. Ерасов жогоруда аталган эмгегинде «Мазмундук жактан ал экөөнүн негизги айырмачылыктарынын бири төмөндөгүчө кандай гана дин болбосун ал өзүнүн өнүгүү курамында коомдун жана дүйнөнүн түзүлүшүн аныктаган, адамдардын тигил же бул дүйнөдөгү жашоосун чагылдырган эсхатологиялык (акыр заман) окууну камтыйт. Ал эми идеологиянын ар кандай формасы реалдуу коомдук жашоонун болмушун чагылдырууга багытталган. Экинчи өзгөчөлүгү диндин көмөкчү институттары болуп чиркөө, храм, мечит ж.б. саналат ал эми идеологиялык институттарга мамлекеттик, коомдук уюмдар; саясий партиялар, массалык маалымат каражаттары ж.б. кирет» - деп жазат. Бирок, биздин оюбузча дин менен идеологиянын ортосундагы айырмачылыкты мындай антогонистик маанайда бөлүп кароо өтө эле чындыкка жакындай бербейт. Анткени, руханий жашоонун айрым маселелери идеология эмес дин аркылуу иш жүзүнө ашырылаарын эстен чыгарбоо зарыл. Маселен жалпы адамзатка тиешелүү баалуулуктардын көпчүлүгү динде сакталып келген.

Илим менен идеологиянын ортосундагы окшоштук, айырмачылыктарды мындайча кароого болот. Коомдук аң-сезимдин бир формасы, маданияттын өз алдынча звеносу катары илим XXк. баш ченинде калыптанган десек жаңылыштык болбойт. Анткени «илимдин философиясын» (философия науки) окумуштуулардын көпчүлүгү илим деген эмне деген суроого жооп берүүдө анын коомдук аң-сезимдин формасы катары калыптанышын ушул доорго такашат. Ал эми, илим социалдык институт, руханий ишмердүүлүктүн, профессионалдык кесиптин, дүйнөнү таануунун өзгөчө формасы катары изилдегенде, анда адамзат коомчулугунун өнүгүүсүнүн ар кандай этаптарына туш келет. Экөөнүн ортосунда жалпылык илим (айрыкча социалдык илимдер) жана идеология коомдун мүчөлөрүнүн тигил же бул маселе боюнча ынанууларынын калыптанышына багытталышкан. «Инсан, коом жана маданияттын объектилерине, маселелерине арналган идеяларга, окууларга индивиддердин ынануусу илим менен идеологиянын диалектикалык байланышы аркылуу ишке ашат» - деп таамай белгилейт Т. Парсонс. Айта кетчү нерсе бул жерде ал илим менен идеологиянын ортосундагы мазмундук биримдигине кайрылып жатат.Алардын ортосундагы айырмачылыкты алар аткарган кызматтарын (функцияларын) анализдөө аркылуу көрүүгө болот. Эгерде, илим эң оболу адамды, коомду, жаратылышты таанууга багытталса, идеология өздөрүнүн кызыкчылыктарын жүзөгө ашырууга мүмкүн болгон аргументтерге, ыкмаларга ж.б. ой жүгүртүүгө багытталган. К. Манхейм «Идеология руханий жашоону ишмердик-практикалык жактан толуктоого, ал эми илим болмушту таанып-билүүгө умтулат» - деп кыскача жана так айтат.

**Адабияттар тизмеси**


1. Гирц К. Идеология как культурная система [Текст] / К. Гирц // Интерпретация культур. – М.: 2004. – с. 250.
2. Ерасов Б.С. Социальная культурология [Текст]: учеб. для студентов ВУЗов / Б.С. Ерасов. – М.: Аспект Пресс, 2000. – 591 с.
3. Манхейм К. Идеология и утопия [Текст] / К. Манхейм // Диагноз нашего времени. – М.: 1994. – с. 78-79.
4. Парсонс Т. Институционализация идеологий [Текст] / Т. Парсонс // О социальных системах. – М.: 2003. –483 с.